Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги №233-р Тескемеси (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын жана иш берүүчүлөрдүн республикалык бирикмелеринин ортосундагы 2022-2024-жылдарга Башкы макулдашууну жактыруу жөнүндө)

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТЕСКЕМЕСИ

**2022-жылдын 29-апрели №233-р**

«Кыргыз Республикасындагы эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, социалдык-эмгектик жана аны менен байланышкан экономикалык мамилелерди жөнгө салуунун негизги маселелери боюнча макулдашылган чараларды ишке ашыруу максатында:

1. Тиркелген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын жана иш берүүчүлөрдүн республикалык бирикмелеринин ортосундагы 2022-2024-жылдарга Башкы макулдашуу жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын социалдык маселелер боюнча орун басарына жогоруда аталган Башкы макулдашууга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан кол коюуга ыйгарым укук берилсин.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 8-июлундагы № 363-р тескемеси;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-январындагы № 12-р тескемеси.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасынын**
**Биринчи орун басары** **А.О.Кожошев**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги № 233-р тескемеси менен жактырылды

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги №233-р Тескемеси (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын жана иш берүүчүлөрдүн республикалык бирикмелеринин ортосундагы 2022-2024-жылдарга Башкы макулдашууну жактыруу жөнүндө)

# Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын жана иш берүүчүлөрдүн республикалык бирикмелеринин ортосундагы 2022-2024-жылдарга БАШКЫ МАКУЛДАШУУ

Биз, мындан ары Тараптар деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (мындан ары - Министрлер Кабинети), Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын (мындан ары – Кесиптик бирликтер) жана иш берүүчүлөрдүн республикалык бирикмелеринин (мындан ары – Иш берүүчүлөр) ыйгарым укуктуу өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана “Кыргыз Республикасындагы эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык тең укуктуулук жана өз ара сыйлашуу, кабыл алынган милдеттенмелердин аткарылышы үчүн жоопкерчилик принциптерин жетекчиликке алуу менен, социалдык-эмгектик жана алар менен байланышкан экономикалык мамилелерди жөнгө салуунун жалпы принциптерин жана аларды ишке ашыруу боюнча Тараптардын биргелешкен иш-аракеттерин белгилөөчү 2022-2024-жылдарга ушул Башкы макулдашууну (мындан ары - Башкы макулдашуу) түздүк.

Ар бир пункттун аткарылышы үчүн жооптуу жактар өзүнчө сапта белгиленет.

## 1. Экономиканы өнүктүрүү чөйрөсү

1. Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасын ишке ашыруунун алкагында улуттук экономиканы өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларды аткарууга көмөктөшүү.

Тараптар

2. "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-2024-жылдарга экономиканын формалдуу эмес секторунун деңгээлин кыскартуу боюнча иш-чаралар планын" иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу.

Министрлер Кабинети

3. Чакан жана орто ишкерликке административдик жүктөмдү азайтууга жардам берүү.

Тараптар

4. Социалдык жактан маанилүү азык-түлүк жана азык-түлүккө кирбеген товарларга, анын ичинде мамлекеттик медициналык мекемелер тарабынан көрсөтүлүүчү медициналык кызматтарга тарифтерди белгилөөнү координациялоо.

Министрлер Кабинети

5. Кесиптик бирликтер республикадагы нарк жана тариф саясатына активдүү реакция кылууга тийиш.

Кесиптик бирликтер

## 2. Эмгек акы төлөөнү жана социалдык камсыздоону жөнгө салуу

1. 2023-жылдын 1-январынан тартып кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдун өлчөмүн 10 эсептик көрсөткүчтөн 20 эсептик көрсөткүчкө чейин көбөйтүү каралган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун иштеп чыгуу.

Министрлер Кабинети

2. 2023-жылдын 1-январынан тартып ритуалдык (сөөк коюуга) жөлөкпулдун өлчөмүн көбөйтүү каралган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун иштеп чыгуу.

Министрлер Кабинети

3. Эмгек чөйрөсүндөгү мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизүүгө чейин социалдык өнөктөштөр менен милдеттүү түрдө алдын ала талкуулап чыгууну камсыздоо.

Министрлер Кабинети

4. Кыргыз Республикасынын кызматкерлеринин, жарандарынын жана Кыргыз Республикасында эмгектенип жаткан чет өлкөлүк жарандардын ортосунда бирдей баалуулуктагы жумуш үчүн эмгек акынын ажырымына жол бербөө.

Министрлер Кабинети

Иш берүүчүлөр

5. Каражаттын болушуна жараша минималдуу эмгек акынын өлчөмүн этап менен жашоо минимумунун деңгээлине чейин көбөйтүү.

Министрлер Кабинети

6. Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык бюджеттик чөйрөнүн жана башка уюмдардын кызматкерлеринин эмгек акысынын өз убагында төлөнүшүн жана эмгек өргүүсү үчүн акы төлөнүшүн камсыздоо.

Министрлер Кабинети

Иш берүүчүлөр

7. Менчигинин түрүнө карабастан, ишканалардын, уюмдардын тармактык макулдашууларында жана жамааттык келишимдеринде спорттук-ден соолукту чыңдоочу жана маданий-массалык иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча шарттарды караштыруу.

Тараптар

8. Тийиштүү мамлекеттик органдар жана эксперт адистер менен өлкөдөгү эмгек миграциясынын абалына жана чет өлкөлөрдөгү эмгек мигранттарынын укуктарынын корголушуна талдоо жүргүзүү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине тийиштүү сунуштарды киргизүү. Мигранттардын эмгек жана социалдык укуктарын коргогон мыйзам чыгаруу жана ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга катышуу.

Тараптар

9. Төмөнкү максаттарда республиканын социалдык-экономикалык абалына талдоо жүргүзүү:

- өлкөнүн төмөнкүлөрдү ратификациялоого даярдыгы:

ЭЭУнун Үй-бүлөлүк милдеттери бар эмгекчилер жөнүндө № 156 конвенциясы (1981-жыл);

ЭЭУнун Энеликти коргоо жөнүндө № 183 конвенциясы (2000-жыл);

ЭЭУнун Үй жумушчуларынын татыктуу эмгеги жөнүндө № 189 конвенциясы (2011-жыл);

ЭЭУнун Эмгек чөйрөсүндө зомбулукту жана куугунтуктоону жок кылуу жөнүндө № 190 (2019-жыл) конвенциясы;

- төмөнкүлөр боюнча милдеттенмелерди кабыл алуу мүмкүндүгү:

Социалдык коргоонун минималдуу деңгээли жөнүндө № 202 сунуштама;

Формалдуу эмес экономикадан формалдуу экономикага өтүү жөнүндө № 204 сунуштама.

Тараптар

10. Ишканаларда балага тамак берүү (эмизүү) үчүн эне жана бала бурчтарын/бөлмөлөрүн уюштурууга көмөктөшүү.

Министрлер Кабинети
Иш берүүчүлөр

## 3. Эмгек рыногун өнүктүрүү жана калкты жумуш менен камсыз кылууга көмөктөшүү

1. Жаңы жумуш орундарын түзүүгө көмөктөшүү. Кесиптик билим берүүнү жана окутууну өнүктүрүүгө бизнестин катышуусун өбөлгөлөө.

Министрлер Кабинети
Иш берүүчүлөр

2. Жумуш орундарында насаатчылыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

Иш берүүчүлөр

3. Жаш адистерди жана жумушка орноштуруу кызматтарында каттоодо турган жумушсуз жарандарды ишке орноштурууга көмөктөшүү.

Министрлер Кабинети
Иш берүүчүлөр

4. Билим берүү уюмдарынын окутуучуларын кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча ЖОЖдордо кошумча билим берүү программаларын ачууга көмөктөшүү.

Министрлер Кабинети

## 4. Эмгек укуктарын коргоо, эмгекти коргоо, өнөр жай жана экологиялык коопсуздук

1. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө кызматы кесиптик бирликтердин (кесиптик бирликтер бар болгон учурда) эмгек инспекциялары

менен биргелешип уюмдарда жарандардын социалдык-эмгек укуктарын жөнгө салуу боюнча, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында иш жүргүзгөн чет өлкөлүк капиталдын катышуусу менен текшерүүлөрдү жүргүзүүсү.

Министрлер Кабинети

Кесиптик бирликтер

2. 2022-2026-жылдарга эмгекти коргоо боюнча мамлекеттик программаны кабыл алууну тездетүү. Эмгектин мамлекеттик инспекторлорунун санын көбөйтүү менен эмгектенүү процессинде кызматкерлердин өмүрүн жана саламаттыгын сактоо талаптарына жооп берген эмгектин коопсуз шарттарын түзүү боюнча эмгекти коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын ишке ашырууну камсыз кылуу.

Эмгек шарттарын баалоону эске алуу менен жумуш орундарында кесиптик тобокелдиктерди башкаруу системасын түзүү үчүн укуктук базаны түзүүгө көмөктөшүү.

Министрлер Кабинети

3. Кызматкерлердин эмгек укуктарын сактоосуна коомдук көзөмөлдүн натыйжалуулугун жана таасирдүүлүгүн камсыз кылуу, Кыргызстандын кесиптик бирликтеринин бийликтин мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо органдары менен техникалык эмгек инспекциясында кыйла активдүү өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү; өндүрүштүк травмалардын жана кырсыктырадын алдын алуу боюнча ишке коомдук активди кеңири тартуу. Ыйгарым укуктуу (ишенимдүү) жактардын - коомдук башталыштагы эмгекти коргоо боюнча коомдук инспекторлордун санын көбөйтүү жана функцияларын күчөтүү боюнча чараларды көрүү.

Тараптар

4. Өлкөнүн аймагында түзүлгөн жана түзүлүп жаткан ишканаларда, кичи жана орто бизнес уюмдарында кызматкерлердин укуктук жактан корголушу, аларга эмгектин коопсуз жана ыңгайлуу шарттарын камсыз кылуу маселелеринде иш берүүчүлөргө карата талаптарды күчөтүү.

Тараптар

5. Ар бир ишканада, ар бир уюмда кызматкерлердин кесиптик тобокелдиктеринин деңгээлдерин баалоону камсыз кылган эмгекти коргоону башкаруунун заманбап жана натыйжалуу системасын (ЭКБС) киргизүүгө жетишүү жана иш берүүчүлөргө эмгектин туура жана коопсуз шарттарын камсыз кылууга түрткү берген экономикалык жана укуктук механизмдерди түзүү.

Тараптар

6. Эмгекти коргоо боюнча уюмдардын жетекчилерин жана кызматкерлерин окутуунун заманбап методдорунун жана технологияларынын негизинде үзгүлтүксүз даярдоо системасын өркүндөтүү, коопсуз эмгекти жана сергек жашоо образын массалык түрдө пропагандалоо боюнча атайын программаларды түзүү, кесиптик бирлик активин, эмгекти жана экологияны коргоо жаатындагы иш берүүчүлөрдү жана адистерди биргелешип окутууну уюштуруу, чакан жана орто ишканаларда эмгекти коргоо боюнча чараларды пропагандалоо жана кеңири жайылтуу боюнча иштерди активдештирүү.

Тараптар

7. Зыяндуу өндүрүштүк факторлору жок, эмгектин татыктуу шарттарына ээ, травма, кесиптик оорулар болбогон, айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизбеген "жашыл" жумуш орундарын түзүү.

Тараптар

8. Ишканалардын менчигинин түрүнө карабастан кызматкерлерди эмгек шарттарын эске алуу менен зарыл болгон жеке коргонуу каражаттары (бут кийим, атайын кийим, колкап, беткап, кулакчын, ширетүүдө колдонулуучу көз айнек, коопсуздук куру ж.б.) менен камсыз кылуу.

Министрлер Кабинети

Иш берүүчүлөр

9. Республикада эмгекти коргоонун мамлекеттик системасын түзүү. Кызматкерлеринин саны 50 кишиден жогору болгон уюмдар менен мекемелерде эмгекти коргоо кызматтары түзүлбөгөн менчиктин бардык формаларындагы ишканалардын жана уюмдардын жетекчилерине карата таасирдүү көзөмөлдү камсыздоо. Мамлекеттик органдардын жетекчилеринин "Кыргыз Республикасынын Эмгекти коргоо жөнүндө" Мыйзамынын талаптарына ылайык иш алып баруусуна жетишүү.

Министрлер Кабинети

Иш берүүчүлөр

10. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” Жобонун жана өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмесинин үч жылда бир жолу жеке компьютерлердин зыяндуу жумуш зоналарын текшерүү бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү.

Министрлер Кабинети

11. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын (ДМЧА) бардык топторунун Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жумушка орношуусуна көмөктөшүү. 2021-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясын ишке ашыруу боюнча биринчи кезектеги чаралардын планын ишке ашырууга көмөктөшүү.

“Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коому” ишканасын мамлекеттик буйрутмалар менен камсыз кылуу.

Тараптар

12. 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында балдар эмгегинин формаларына жол бербөө жана түп-тамыры менен жоюу боюнча Иш-чаралар планын иштеп чыгуу жана бекитүү.

Тараптар

13. Электрондук эмгек китепчесине өтүү боюнча концепциянын долбоорун иштеп чыгуу.

Министрлер Кабинети

## 5. Социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын жана иш берүүчүлөрдүн республикалык бирикмелеринин

ортосундагы 2022-2024-жылдарга Башкы макулдашууну ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгуу жана бекитүү.

Тараптар

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине же жарандардын эмгектик, социалдык-экономикалык укуктарын жана кызыкчылыктарын (пенсиялар, жөлөкпулдар, калктын жакыр жана социалдык жактан аялуу катмарлары үчүн жөлөкпулдар) камсыз кылуучу башка ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө жумушчу комиссиялардын курамына Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелеринин өкүлдөрүн кошуу жөнүндө сунуш киргизүү.

Тараптар

3. Менчиктин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда, ошондой эле капиталдын чет өлкөлүк үлүшү бар ишканаларда бардык деңгээлдеги тармактык, аймактык (региондук) макулдашуулардын жана жамааттык келишимдердин түзүлүшүн камсыздоо.

Кесиптик бирликтер

Иш берүүчүлөр

## 6. Башкы макулдашуунун күчү, аткарылышын көзөмөлдөө жана Тараптардын жоопкерчилиги

Тараптар ушул Башкы макулдашуунун жоболорун аткаруу максатында төмөнкүлөр жөнүндө макулдашты:

1. Тараптар ушул Башкы макулдашууну 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында макулдашылган социалдык-экономикалык саясатты жүргүзүү боюнча багыттарды жана зарыл иш-аракеттерди белгилеген социалдык өнөктөштүктүн негизги документи катары тааныйт жана бардык шарттарын сактоо менен Башкы макулдашууну жетекчиликке алууга милдеттенишет.

2. Башкы макулдашууга кол койгон Тараптардын биринин дагы Макулдашуу күчүндө болгон мөөнөттүн ичинде алган милдеттенмелерин аткарууну бир тараптуу токтотууга укугу жок.

Башкы макулдашууга толуктоолор жана өзгөртүүлөр Тараптардын өз ара макулдугунун негизинде, Башкы макулдашууну түзүү үчүн каралган тартипте киргизилет.

3. Республикалык үч тараптуу комиссиянын чечимдери (сунуштамалары) ушул Башкы макулдашууну ишке ашыруунун формасы болуп саналат.

4. Тараптар жыл сайын Башкы макулдашууну аткаруунун жүрүшү тууралуу социалдык-эмгектик мамилелерди жөнгө салуу боюнча Республикалык үч тараптуу комиссияга маалымат берип турушат.

5. Башкы макулдашууга кол койгондон кийин Тараптар анын бир жумалык мөөнөттүн ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланышын, ошондой эле Республикалык үч тараптуу комиссия тарабынан жүргүзүлгөн иштер жана Башкы макулдашууну ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында туруктуу чагылдырылып турушун камсыз кылат.

6. Тараптар Республикалык үч тараптуу комиссиянын жыйналыштарынын туруктуу негизде өткөрүлүшүн камсыз кылышат.

7. Ушул Башкы макулдашуу кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

8. Тараптар таанышууларын жана аткарууларын камсыз кылуу максатында ведомствого караштуу уюмдарга жеткиришсин.

9. Ушул Башкы макулдашуу иш берүүчүлөрдүн республикалык башка бирикмелеринин жана көз карандысыз кесиптик бирликтердин кошулуусу үчүн жеткиликтүү.

Бишкек шаарында 202___-жылдын "___" ______________ эки нускада мамлекеттик жана расмий тилдерде түзүлдү.

**Башкы макулдашууга төмөнкүлөр кол койду:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан:**

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасынын орун басары** **Э.Ж.Байсалов**

**Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын атынан:**

**Кыргызстан Кесиптик бирликтер**
**федерациясынын төрагасы** **Э.Ш.Кызаев**

**Иш берүүчүлөрдүн бирикмелеринин атынан:**

**Соода-өнөр жай палатасынын**
**Вице-Президенти** **Б.М.Мухамедзиев**

**"ЖИА бизнес-ассоциациясы"**
**юридикалык жактардын бирикмесинин**
**аткаруучу директору** **Ф.Г.Пакыров**

**Жеткирүүчүлөрдүн**
**(өндүрүүчүлөрдүн жана дистрибьюторлордун)**
**ассоциациясынын президенти** **Г.Т.Ускенбаева**